| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**МОСКВА РАЙОНУ**<br>**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МИН-БУЛАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ № 31
## Миң-Булак айыл аймагынын I-чакырылыштагы Кеңешинин II-кезексиз сессиясы

2025-жылдын 17-январы — Садовое айылы

**Садовое айылынын Степная көчөсү 42/3 дарегиндеги жалпы аянты 800,0 кв.метр жер участогун Миң-Булак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексине ылайык, Москва райондук шаар курулуш жана архитектура департаментинин башкармалыгынын 2024-жылдын 09-декабрындагы №128 корутундусунун негизинде, Кеңештин жеке турак жай куруу, муниципалдык менчикте турган кыймылсыз мүлк объектилерин, жер участокторун сатуу жана ижарага берүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 10-январындагы корутундусуна ылайык, Садовое айылынын Степная көчөсү №42/3 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 800,0 кв.метр жер участогу жөнүндө материалдарды карап жана талкуулап чыгып Миң-Булак айыл аймагынын Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Садовое айылынын Степная көчөсү №42/3 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 800,0 кв.метр жер участогун Миң-Булак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алууга макулдук берилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" Токтомуна ылайык Мин-Булак айыл өкмөтүнө ушул участокту берүүгө макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж.Алыбековко жүктөлсүн.

**Төрайым** — **Асадова А.К.**